**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**
**КАРА-БУУРА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРА-БУУРИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

ТОКТОМ
ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2025-жылдын 14-октябры №2 Кызыл-Адыр айылы

Кара-Буура айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз XI сессиясы

**Кара-Буура айыл аймагынын базасында шаар түзүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу" Мыйзамынын 6-12-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу административдик-аймактык түзүлүш жана географиялык аталыштар маселелерин кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын иши жөнүндө" Жобого ылайык, Айыл аймактын жашоочуларынын чогулушунун протоколдорун жана Кара-Буура айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Стамкуловдун кайрылуусун карап чыгып, Кара-Буура айыл аймагынын айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Айтматов районунун Кара-Буура айыл аймагынын Кызыл-Адыр айылынын базасында областтык маанидеги шаар түзүү жана шаардын курамына Кызыл-Адыр, Чоң Кара-Буура, Кара-Буура, Үч-Булак, Бейшеке, Кара-Суу, Бакыян, Камаш, Тамчы-Булак айылдарын киргизүү менен сунуш колдоого алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Айтматов районунун Кара-Буура айыл аймагынын Кызыл-Адыр айылынын базасында областтык маанидеги шаар түзүү жана шаардын курамына Кызыл-Адыр, Чоң Кара-Буура, Кара-Буура, Үч-Булак, Бейшеке, Кара-Суу, Бакыян, Камаш, Тамчы-Булак айылдарын киргизүү жөнүндө Айтматов райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.
3. Тиешелүү документтерди даярдоо Кара-Буура айыл аймагынын башчысы Б.Стамкуловго милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Жеңишбек уулу А.**